Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы

Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама

2003-жылдын үчүнчү кварталы

3 (9)

2003-жылдын ноябрь айы

Бишкек

Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама

Редакциялык Кеңеш:

Төрагасы: Абдуманапов Э.
Кеңештин мүчөлөрү: Цыплакова Л.
Абдыбалы тегин С.
Исакова Г.
Чокоев З.

Жооптуу катчысы: Бушман Ю.

Басылманын мазмунуна байланыштуу маселелер боюнча:
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101, дареги боюнча,
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына
(996 3312) 66-90-59 телефону,
(996 3312) 61-07-30 факсы аркылуу кайрылсаңыздар болот.
Электрондук почта: ybushman@nbkr.kg

Басылманын таркатылышына байланыштуу суроолор боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Тышкы жана коомдук байланыштар бөлүмүнө
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101,
дареги боюнча,
(996 312) 66-90-09 телефону,
(996 312) 61-07-30 факсы аркылуу кайрылсаңыздар болот
Электрондук почта: aaibalaeva@nbkr.kg
http:// www.nbkr.kg

Акча-кредит саясатынын алдыга койгон максаттары жана натыйжалары жөнүндө кеңири коомчулукка маалымдап туруу "Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама" басылмасынын максаты болуп саналат. Басылмада инфляция, аны түзүүчүлөр, региондор боюнча инфляциянын динамикасына түшүндүрмөлөр жана бүтүндөй алганда, инфляция факторлорун анализдөө жана келерки кварталга инфляциялык болжолдоолор камтылат. Квартал сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

Маалыматтарды жаңыртуунун акыркы күнү: 2003-жылдын 31-октябры.

Уюштуруучусу - Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.
Басылма Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинде каттоодон өткөн. Жалпыга маалымдоо каражаттарын каттоо жөнүндөгү 2001-жылдын 2-ноябрындагы № 628 күбөлүккө ээ.

"Банк кабарчысы" журналынын редакциясынын басма борборунда даярдалды жана басылып чыгарылды.
720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265 (УИА биология институтунун имараты), 3-кабат, 354, 355 бөл.
350 нускада чыгарылат.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2003-жыл.

Басылма Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксатысыз кайрадан басылып чыгарылууга жана кайсыл формада болбосун таркатылууга тийиш эмес. Басылманы көчүрүп басууда жана которууда "Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама" басылмасына милдеттүү түрдө таянуу зарыл.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын башка басылмалары

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету
Жылдык отчет Улуттук банктын жыл ичиндеги бүткөргөн иши жөнүндө толук баяндамасы болуп саналат. Ал экономиканын реалдуу секторунун иштеп турушунун өзгөрүшүнүн жыйынтыктарынын кыскача мүнөздөмөсүн, ошондой эле акча-кредит чөйрөсүндөгү Улуттук банктын чечимдерин жана аракеттерин чагылдарат. Өзүнө: экономикалык өнүгүү жана акча-кредит саясаты, финансылык отчеттуулук, Улуттук банк жөнүндө жалпы маалыматтарды, статистикалык тиркемелерди камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде басылып чыгарылат.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени
"Улуттук банктын бюллетени" Кыргыз Республикасынын реалдуу сектор, финансы сектору, тышкы сектор боюнча макроэкономикалык көрсөткүчтөрүн, ошондой эле баалар жана социалдык көрсөткүчтөр боюнча маалыматтарды камтыйт. Ай сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

Кыргыз Республикасынын төлөө балансы
"Кыргыз Республикасынын төлөө балансы" Кыргыз Республикасынын тышкы секторунун өнүгүшүндөгү акыркы тенденцияларды чагылдырат жана төлөө балансынын аналитикалык жана нейтралдуу формасы, тышкы сооданын структурасы, эл аралык резервдер, тышкы карыз, эл аралык инвестициялык позициясы боюнча маалыматтар менен таблицаларды камтыйт. Анда төлөө балансын түзүүнүн ыкмалары жана маалымат базасы келтирилген. Басылма квартал сайын - январь, май, июль жана октябрь айларында жарыяланып турат.

Банк системасынын өнүгүү тенденциялары
"Банк системасынын өнүгүү тенденциялары" Кыргыз Республикасынын банк системасынын абалына финансылык ортомчу катары милдетин аткаруунун натыйжалуулугу көз карашында анализ берүүнү, банк системасынын турукташуусуна анын составдык элементтери боюнча жетишүүдө жана аны колдоп турууда орун алган тоскоолдуктардын бетин ачууну камтыйт. Басылма жарым жылда бир жолу кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын нормативдик актылары
Басылма коммерциялык банктарга жана коомчулукка маалыматтарды берип туруу максатында, Улуттук банктын нормативдик актыларын расмий жарыялоо жана Кыргыз Республикасындагы банктык мыйзам актыларды пропагандалоо үчүн чыгарылат. Айына бир жолу кыргыз жана орус тилдеринде чыгарылат.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пресс-релизи
"Улуттук банктын пресс-релизи" Улуттук банкта жана бүтүндөй банк системасында бир жума ичинде болуп өткөн жаңылыктарды камтыйт. Жума сайын кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланат.

МАЗМУНУ

1. ИНФЛЯЦИЯЛЫК ПРОЦЕССТЕРДИН УЧУРДАГЫ АБАЛЫ 5

2. КЕРЕКТӨӨ БААЛАРЫНЫН ИНДЕКСИ ЖАНА АНЫ ТҮЗҮҮЧҮЛӨР 7

2.1. КЕРЕКТӨӨ БААЛАРЫНЫН ИНДЕКСИН ТҮЗҮҮЧҮЛӨР 7

2.1.1. АЗЫК-ТҮЛҮК ТОВАРЛАРЫ 7

2.1.2. АЗЫК-ТҮЛҮКТӨН БАШКА ТОВАРЛАР 8

2.1.3 КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР 8

2.2. КЕРЕКТӨӨ БААЛАРЫНЫН РЕГИОНДОР БОЮНЧА ДИНАМИКАСЫ 9

3. ИНФЛЯЦИЯ ФАКТОРЛОРУ 10

3.1. АКЧА АГРЕГАТТАРЫ 10

3.1.1. АКЧА БАЗАСЫ 10

3.1.2. М2 АГРЕГАТЫ 10

3.1.3. М2Х АГРЕГАТЫ 10

3.2. ПРОЦЕНТТИК СТАВКАЛАР 11

3.2.1. АКЧА РЫНОГУНУН ПРОЦЕНТТИК СТАВКАЛАРЫ 11

3.2.2. МАМЛЕКЕТТИК КАЗНА ВЕКСЕЛДЕРИ 12

3.3. АЛМАШУУ КУРСУ 13

3.4. СУРОО-ТАЛАП ЖАНА СУНУШ 14

3.4.1. ТАЗА ЭКСПОРТ 17

3.4.2. ИЧКИ СУРОО-ТАЛАП 19

3.4.2.1. ЖЕКЕ КЕРЕКТӨӨЛӨР 20

3.4.2.2. МАМЛЕКЕТТИК ЧЫГАШАЛАР 20

3.4.2.3. ИНВЕСТИЦИЯЛАР 20

3.4.3. ӨНДҮРҮЛҮП АЛЫНГАН ИЧКИ ДҮҢ ПРОДУКТ 20

4. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН АКЧА–КРЕДИТ САЯСАТЫ МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА НЕГИЗГИ ЧЕЧИМДЕРИ 22

4.1. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫНЫН НЕГИЗГИ ЧЕЧИМДЕРИ 22

4.2. АКЧА-КРЕДИТТИК ЖӨНГӨ САЛУУ КОМИТЕТИНИН НЕГИЗГИ ЧЕЧИМДЕРИ 23

4.3. 2003-ЖЫЛДЫН ҮЧҮНЧҮ КВАРТАЛЫ ИЧИНДЕГИ ИНФЛЯЦИЯЛЫК ПРОЦЕССТЕРДИ ИЛИКТӨӨЛӨР ЖАНА 2003-ЖЫЛДЫН ТӨРТҮНЧҮ КВАРТАЛЫНА КАРАТА ИНФЛЯЦИЯЛЫК БОЛЖОЛДООЛОР ... 23

1. 1. ИНФЛЯЦИЯЛЫК ПРОЦЕССТЕРДЕ УЧУРДА ТҮПТӨЛГӨН ТЕНДЕНЦИЯЛАР

2003-жылдын 9 айы ичинде ички дүң продуктулардын өсүшү өткөн жылдын тиешелүү мезгилине караганда, 5,1 процентти түзгөн. Өнөр жайында кошумча нарк 14 процентке өскөн, ал эми "Кумтор" алтын кенин өндүрүү комбинатынын продукцияларын эсепке алуусуз, анын көлөмү 9,6 процентке көбөйгөн. Негизги салымды тоометаллургия жана тамак-аш өнөр жайы, электрэнергетика кошкон. Айыл чарба продукцияларын өндүрүү 0,3 процентке өскөн.

Соода балансынын сальдосу экспорттун өсүшүнө салыштырмалуу импорттун алдыга озуу менен өсүшүнүн натыйжасында терс боюнча калган. Экспорттун көбөйүүсү алтынды экспорттоону калыбына келтирүү жана баа факторлору менен шартталган. Алтынды ташып чыгууну эсепке алуусуз, экспорт өткөн жылдын үчүнчү кварталына салыштырганда кыскарган. Импорттун өсүшү негизинен, мунайзаттарынын жана керектөө товарларынын алынып келишинин көбөйүүсү менен жүргөн.

Сомдун номиналдык эффективдүү курсу 4,2 процентке бекемделген. Чет өлкө валюталарынын агылып келүүсүн жана эл аралык финансы рыногунда АКШ долларынын басаңдашын бекемделүүнүн негизги себеби катары атоого болот. Сомдун реалдуу эффективдүү курсу Кыргызстанга салыштырмалуу, соода боюнча негизги өнөктөштөрдө бир кыйла жогорку инфляциянын натыйжасында бир азга төмөндөгөн.

Акча агрегаттарынын жылдык маанидеги өсүш арымы, алардын төмөндөө тенденциялары белгиленсе дагы, жогору бойдон калууда. Улуттук банк тарабынан чет өлкө валюталарын сатып алуу алардын өсүшүнүн негизги булагы болгон, анын көлөмү 9,2 млн. АКШ долларын түзгөн. Банк системасынын ликвиддүүлүгү үстүбүздөгү жылдын үчүнчү кварталынын аралыгында олку-солкулукка дуушар болгон. Улуттук банктын нотолары боюнча бардык аукциондор аларды өткөрүү боюнча катышуучулардын жетишсиздигинен улам өткөрүлбөй калган катары тааныльды. Мамлекеттик казна векселдери рыногундагы процентик ставкалар экинчи кварталга салыштырганда өсүштү уланткан.

2003-жылдын үчүнчү кварталында керектөө бааларынын жалпы деңгээли 2,5 процентке төмөндөгөн. Баалардын динамикасына негизги салымды азык-түлүк тобундагы товарлар кошкон. Баалардын сезондук бир кыйла төмөндөөсү бүтүндөй 9 айдын ичинде керектөө бааларынын индексинин 0,1 процентке төмөндөшүн каттоого алып келген. Төртүнчү кварталга карата инфляцияны болжолдоо эң башкысы, товардык рыноктордогу биринчи кезекте, дан эгиндеринин жана картошканын абалы менен түзүлөт. Үстүбүздөгү жылдын жаз мезгилинде республикабыздагы аба ырайынын катаал шарттары, Украинада

жана Молдовада дан эгиндеринин түшүмүнүн начардыгы республиканын айрым рынокторунда кырдаалдын туруксуздашуу тобокелдигин пайда кылууда. Ушуга байланыштуу төртүнчү кварталга инфляциянын болжолдонушу 3,7 процентти түзөт.

2. КЕРЕКТӨӨ БААЛАРЫНЫН ИНДЕКСИ ЖАНА АНЫ ТҮЗҮҮЧҮЛӨР

2003-жылдын үчүнчү кварталында керектөө бааларынын индексинин ушул мезгил үчүн мүнөздүү болгон төмөндөөсү байкалган. Улуттук статистика комитетинин маалыматтарына ылайык, көрсөтүлгөн индекс каралып жаткан мезгилде 2,5 процентке төмөндөгөн (2002-жылдын үчүнчү кварталында индекс 1,7 процентке төмөндөгөн). Дефляцияга таасир этүүчү негизги фактор болуп тамак-аш азыктарына - айыл чарба продукцияларына баанын салттык сезондук төмөндөөсү саналат. Азык-түлүк товарларына баанын төмөндөшү 7,7 процентти түзгөн, мында азык-түлүктөн башка товарларга баалар 2,3 процентке жана кызмат көрсөтүүлөргө 11,8 процентке өскөн.

1-график: КБИнин жылдык динамикасы



2-график: КБИнин структурасы



2.1. КЕРЕКТӨӨ БААЛАРЫНЫН ИНДЕКСИН ТҮЗҮҮЧҮЛӨР

2.1.1. АЗЫК-ТҮЛҮК ТОВАРЛАРЫ

Азык-түлүк товарлары керектөө куржунунун структурасында өтө чоң салыштырмалуу салмакты ээлейт жана жыл ичинде сезондуулуктун таасири астында олуттуу олку-солкулук менен мүнөздөлөт.

Демек, тамак-аш азыктарына баанын өзгөрүүсү бүтүндөй алганда, керектөө бааларынын индексинин абалын аныктайт. Тамак-аш азыктарына карата баанын абалына таасир этүүчү эң эле олуттуу фактор болуп, мурда белгиленип кеткендей, сезондук фактор саналат. Ушул жылдын биринчи жарымында анын таасири табият шарттарынын катаалдыгынан улам 2002-жылы жашылча-жемиштердин түшүмүнүн төмөндөшүнөн жана 2003-жылы себүү иштеринин адаттагы мөөнөтүнөн 15-20 күнгө кечигип башталышынан улам күчөгөн, бул сатуучулардын күтүүлөрүндө да белгиленген жана мунун натыйжасында апрель-май айларында жашылча-жемиштерге баа 74,1 процентке өскөн. Июнь айынан тартып, баалардын сезондук жогорулоосу рынокко жаңы түшүмдөрүн келип түшүүсүнөн тескери динамика менен алмашылган жана үчүнчү кварталда жашылча-жемиштерге баалар 31,6 процентке төмөндөгөн. Өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырмалуу, сезондук олку-солкулуктун тереңдеши жүргөн (2002-жылдын үчүнчү кварталында жашылча жана жемиштерге баалар 31,3 процентке төмөндөгөн).

Эт жана эт азыктарына баанын 2003-жылдын үчүнчү кварталында 2,4 процентти түзгөн өсүшү улануда. Калган азык-түлүк товарларына баалар анча эмес өзгөрүүлөр менен мүнөздөлгөн.

3а графиги: Азык түлүк товарларына баанын жылдык динамикасы



3б графиги: Азык түлүк товарларына баанын жылдык динамикасы



2.1.2. АЗЫК-ТҮЛҮКТӨН БАШКА ТОВАРЛАР

Азык-түлүктөн башка товарларга баанын индекси ушул жылдын август-сентябрь айларында күйүүчү-майлоочу материалдарга баанын өсүшүнөн улам 2003-жылдын үчүнчү кварталында 2,3 процентке өскөн, ошону менен катар бензинге баа 33,2 процентке өскөн. Күйүүчү - майлоочу материалдарга баанын өсүшү, айыл чарбасында жыйноо иштеринин башталышы жана Чымкент мунайды кайра иштетүү заводунун оңдоо иштери үчүн токтотулгандыгынан улам ички рынокко берүүлөрдүн төмөндөшү, Россияда жана Казакстанда ички баалардын өсүшүнө байланыштуу суроо талаптын көбөйүшүнүн натыйжасында болгон.

4а графиги:
Азык-түлүктөн башка товарларга баанын жылдык динамикасы

4а графиги:
Азык-түлүктөн башка товарларга баанын жылдык динамикасы

Баа берүүлөргө караганда, Кыргызстандын мунайзаттарына болгон керектөөсүнүн 90 процентинен көбүрөөгү негизинен, Казакстандан жана Россиядан алынган импорттун эсебинен камсыздандырылат.

Ошондой эле, газга, газеталарга, китептерге жана кеңсе товарларына баалар 1,2-9 процентке өскөн. Ал эми калган азык-түлүктөн башка товарларга баалар өзгөрүүсүз калган.

2.1.3. КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР

Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө баанын индекси карооо алынып жаткан мезгилде 11,2 про-

центке өскөн. Нотариалдык конторлордун кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтер 14 эсеге өскөн. Ошондой эле, административдик жогорулатуулардын натыйжасында, байланышка тарифтер 14,1 процентке өскөн. Билим берүүгө жана мейманкана тейлөөлөрүнө баалар 1,5 процентке жогорулагандыгы белгиленген.

5а графиги: Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө баанын жылдык динамикасы



5б графиги: Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө баанын жылдык динамикасы



2.2. КЕРЕКТӨӨ БААЛАРЫНЫН РЕГИОНДОР БОЮНЧА ДИНАМИКАСЫ

Үстүбүздөгү жылдын үчүнчү кварталында баалардын төмөндөшү бардык областтарда белгиленген. Баткен областында баалар бир кыйла төмөндөө менен 6,6 процентти түзгөн, мында тамак-аш азыктарына баалар 13,9 процентке төмөндөгөн. Баалардын өтө төмөндөшү Ош областында белгиленген, дефляция тамак-аш азыктарына баанын 5,9 процентке төмөндөшүнүн натыйжасында 1, 8 процентти түзгөн.

Жалалабат, Ысыккөл, Нарын, Талас, Чүй областтарында 2003-жылдын 3-кварталында баанын жалпы деңгээлинин төмөндөшү 2,2 -4,8 проценттерди түзгөн, бул азык-түлүк товарларына баанын бардык жерде 7,1-10, 8 процентке төмөндөшү менен шартталган.

6а графиги: КБИнин областтар боюнча жылдык динамикасы

6б графиги: КБИнин областтар боюнча жылдык динамикасы



7-график:
Акча агрегаттарынын жылдык динамикасы



3. ИНФЛЯЦИЯ ФАКТОРЛОРУ

3.1. АКЧА АГРЕГАТТАРЫ

Акча агрегаттарынын өсүш арымы отчеттук мезгилде 2002-жылдын салыштырууга алган мезгилинин көрсөткүчтөрүнөн бир азга ашкан. M2X акча массасынын өтө чоң өсүшү белгиленүүдө, бул банк системасына чет өлкө валюталарындагы депозиттердин олуттуу түрдө агылып келүүсү менен шартталган.

3.1.1. АКЧА БАЗАСЫ [1]

Акча базасы 2003-жылдын үчүнчү кварталында 2,9 процентке көбөйгөн. Мында, акча базасынын жылдык маанидеги өсүш арымы 27,8 процентти түзгөн. Жүгүртүүдөгү акчалардын көлөмү 3,5 процентке өскөн. Акча базасынын структрасында жүгүртүүдөгү накталай акчалардын үлүшүнүн 2003-жылдын июнь айынын акырына карата 96 проценттен 2003-жылдын сентябрь айынын акырына карата 96,6 процентке чейин көбөйүүсү белгиленүүдө. Демек, коммерциялык банктардын Улуттук банктагы корреспонденттик счетторундагы каражаттарынын үлүшү 4 проценттен 3,4 процентке чейин кыскарган.

3.1.2. M2 АГРЕГАТЫ

M2 акча агрегатынын көлөмү 3,8 процентке көбөйгөн. Акча массасы 12 ай ичинде 29 процентке өскөн. Депозиттик базанын өзгөрүүсүн кароодо, улуттук валютадагы депозиттердин 3,6 процентке көбөйгөндүгү белгиленүүдө, мында, юридикалык жактардын эсептешүү счеттору 9,8 процентке көбөйгөн, ал эми мөөнөттүү депозиттер 3,9 процентке кыскарган.

3.1.3. M2X АГРЕГАТЫ

Учурдагы алмашуу курсу боюнча M2X акча агрегаты 8,1 процентке көбөйгөн. Кеңири мааниде колдонулуучу акчалардын өсүшү эң башкысы, банктардан тышкаркы накталай акчалардын өсүшүнүн эсебинен болгон, алардын көлөмү 3,8 процентке көбөйгөн. Ошондой эле, коммерциялык банктардын депозиттик базасынын 16,2 процентке өсүшү байкалган[2].

M2X агрегатынын M2 агрегатына салыштырмалуу кыйла өсүшү чет өлкө валютасындагы депозиттердин көлөмүнүн 19,9 процентке көбөйүшү менен байланыштуу.

---

[1] Коммерциялык банктардын чет өлкө валютасындагы депозиттерин эсепке алуусуз.

[2] Лицензиялары кайтара алынган, бирок жоюу процесси бүтө элек коммерциялык банктарды эске алуу менен.

М2Х акча массасынын структурасында үчүнчү кварталда төмөндөгүдөй өзгөрүүлөр болуп өткөн:

- банктардан тышкаркы накталай акчалардын үлүшү 2,2 проценттик пунктка кыскарган жана 62 процентти түзгөн;

- улуттук валютадагы депозиттердин үлүшү 0,5 проценттик пунктка кыскарган жана 12 процентти түзгөн;

- чет өлкө валютасындагы депозиттердин үлүшү 2,6 проценттик пунктка көбөйгөн жана 26 процентти түзгөн.

М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын көрсөткүчтөрүн түзүүнүн булактарын кароодо, негизги таасирди Улуттук банктын таза чет өлкө активдеринин көбөйүүсү көрсөткөндүгүн белгилеп кетүүгө болот. Чет өлкө валютасына суроо-талаптын кыскарышына байланыштуу, дүйнөлүк финансы рыногунда АКШ долларынын позициясынын басаңдашынан, ошондой эле банк системасына тышкы экономикалык операциялардын натыйжасында чет өлкө валюталарынын агылып келүүсүнөн улам Улуттук банк тарабынан ички рынокто чет өлкө валюталарын сатып алуунун көлөмү көбөйгөн, бул таза эл аралык резервдердин өсүшүнө жана резервдик акчалардын тиешелүү түрдө көбөйүшүнө алып келген. Төлөө каражаттары катары улуттук валютадагы акча активдерине суроо-талаптын сакталышы ишканалардын накталай акчаларынын жана талап боюнча депозиттеринин көбөйүүсүндө чагылдырылган.

Отчеттук мезгилдин акырында, Улуттук банктын ликвиддүүлүктү төмөндөтүү боюнча, Борбордук Казналыктын счетуна салыктардын жана башка төлөмдөрдүн келип түшүүсү менен айкалышкан операцияларына байланыштуу, коммерциялык банктардын резервдеринин деңгээлинин төмөндөшү белгиленип, бул кеңири мааниде колдонулуучу акчалардын мультипликаторлорунун өсүшүнүн негизги себеби болгондугун да айта кетүүгө туура келет.

8-график: Улуттук банктын учеттук ставкасы, банктар арлык кредит рыногунун жана РЕПО операциялары боюнча проценттик ставкалары



3.2. ПРОЦЕНТТИК СТАВКАЛАР

3.2.1. АКЧА РЫНОГУНУН ПРОЦЕНТТИК СТАВКАЛАРЫ

Экономикадагы акча ресурстарынын наркын чагылдыруучу проценттик ставкалар үчүнчү кварталда, банк системасында ликвиддүүлүктүн байкалар-лык өзгөрүүсүнө карабастан, бир топ тар диапазондо олку-солку болуп турган. Сентябрдын акыркы күндөрүндө рынокто ликвиддүүлүктүн деңгээлинин байкаларлык төмөндөшү белгиленип, бул кредиттик

ресурстардын наркынын 4,5-5 процентке чейин өсүшүнө алып келген. Ички банктар аралык кредит рыногунун валюта сегментинде проценттик ставкалар мурдагыдай эле, үчүнчү квартал ичинде эң башкысы, алардын бүтүмдөрдүн мөөнөтүнөн жана күрөөлүк камсыздандыруудан көз карандылыгын чагылдыруу менен 3 проценттен 11 процентке чейин олку-солку болуп турган.

Улуттук банктын ноталары сегментинде отчеттук кварталда бардык 14 аукцион катышуучулардын санынын жетишсиздигине байланыштуу, өткөрүлбөгөн катары таанылды. Мында, сентябрь айынын акырында Улуттук банк коюлуучу ноталардын мөөнөтүн өзгөрткөндүгүн белгилеп кетүүгө туура келет: 23-сентябрда сатууга 28 күндүк ноталардын ордуна 14 күндүк ноталар, 30-сентябрда - 7 күндүк ноталар сунушталган. Бирок, коммерциялык банктар рынокту бул сегментине кызыкчылыктарын дагы деле болсо көрсөтүшкөн эмес. Натыйжада, бүтүндөй үчүнчү квартал ичинде учеттук ставканын мааниси туруктуу бойдон калып, 3,99 процентти түзгөн.

3.2.2. МАМЛЕКЕТТИК КАЗНА ВЕКСЕЛДЕРИ (МКВ)

9-график: МКВ кирешелүүлүгүнүн динамикасы



Июль айында казна векселдеринин кирешелүүлүгү рыноктун бардык сегменттеринде абдан тар диапазондо 0, 08ден 0,3 проценттик пунктка чейин олку-солку болуп турган. Бирок, август айынын орто ченинде ликвиддүүлүктүн төмөнкү деңгээлинин, ошондой эле мамлекеттик казна векселдеринин (МКВ) эмиссиясынын көлөмүнүн олку-солкулугунун таасири астында, алардын кирешелүүлүгү өсө баштаган жана сентябрдын башталышындагы айрым коррекцияларга карабастан, отчеттук мезгилдин акырына чейин көбөйүүнү уланткан.

Үчүнчү кварталда жүгүртүү мөөнөтү үч ай болгон МКВ боюнча кирешелүүлүк 9,5 проценттен 10 процентке чейин, жүгүртүү мөөнөтү алты ай болгон МКВ боюнча 12, 4 проценттен 13, 9 процентке чейин, ал эми жүгүртүү мөөнөтү он эки ай болгон МКВ боюнча 13,2 проценттен 16,4 процентке көбөйгөн. МКВлардын бардык түрлөрү боюнча проценттик ставкалардын орточо салмактанып алынган деңгээли июль айынын баш жагындагы 12,8 проценттен сентябрь айынын акырындагы 14,3 процентке чейин өскөн. Финансы министрлигинин МКВларды сатуу структурасын өзгөртүүсү дагы ушул көрсөткүчтөрдүн көбөйүүсүнө таасир эткен: үчүнчү кварталда ал жүгүртүү мөөнөтү үч ай болгон МКВлардын эмиссиясынын көлөмүн байкаларлык төмөндөткөн, алардын кирешелүүлүгү башка жүгүртүү мөөнөтүндөгү векселдердин кирешелүүлүгүнөн төмөн.

2003-жылдын тогуз айынын ичинде жүгүртүү

мөөнөтү үч ай болгон МКВлардын кирешелүүлүгү жыл башындагы 7 проценттен үчүнчү кварталдын акырындагы 10 процентке чейин, жүгүртүү мөөнөтү алты ай болгон МКВ боюнча 10,3 проценттен 13,9 процентке, ал эми жүгүртүү мөөнөтү он эки ай болгон МКВ боюнча 12,4 проценттен 16,4 процентке чейин көбөйгөн. МКВлардын бардык түрү боюнча проценттик ставкалардын орточо салмактанып алынган деңгээли жыл башындагы 9,9 проценттен сентябрдын акырындагы 14,3 процентке чейин жогорулаган.

3.3. АЛМАШУУ КУРСУ

Үчүнчү квартал ичинде валюта рыногунда чет өлкө валюталарынын курсу ички сыяктуу эле, тышкы факторлордун таасири астында олку-солкулукка дуушар болгон. Алып көрсөк, июль айында рынокто АКШ долларынын курсунун, анын дүйнөлүк финансы рыногунда бекемделүүсү жана коммерциялык банктардын кардарлардын импорттук контрактыларын төлөөлөргө чыгымдарынын көбөйүүсү менен шартталган туруктуу өсүшү байкалган. Июль айында доллардын учеттук курсу 6,6 процентке жогорулаган.

Август айында эң башкысы, коммерциялык банктардагы накталай эмес валюталардын калдыктарынын көбөйүүсүнүн алкагында банк системасындагы ликвиддүүлүктүн анча жогору эмес деңгээлинин таасири астында доллардын курсунун төмөндөшү, андан кийин анын турукташуусу байкалган. Бирок, август айынын аягында - сентябрдын башында коммерциялык банктарда белгиленген артыкча резервдердин деңгээлинин өсүшү доллардын курсунун жогорулашына алып келген. Курстун мындай жогорулоосу, ушул учурда дүйнөлүк финансы рыногунда доллардын курсунун басаңдоосунун туруктуу тенденциясы байкалгандыктан, кыска мөөнөттүү болгондугун, ошондой эле республикага валюталардын сезондук агылып келүүсү ички рынокто доллардын курсунун төмөндөшүнө алып келгендигин белгилеп кетүүгө туура келет. Бүтүндөй алганда, август жана сентябрь айларында банктар аралык валюта рынокторунда доллардын учеттук курсунун тиешелүүлүгүнө жараша, 3 жана 0,1 процент төмөндөгөнү белгиленген.

Ошентип, үчүнчү кварталда сомдун АКШ долларына карата курсу, 2003-жылдын толук тогуз айынын ичинде курстун 7,8 процентке бекемделгендиги белгиленсе дагы, 3,2 процентке төмөндөгөн. 2002-жылдын үчүнчү кварталында сомдун курсунун 0,3 процентке бир азга бекемделгендиги белгиленгенин салыштыруу үчүн белгилеп кетүүгө болот, ал эми ушул жылдын бүтүндөй тогуз айынын ичинде сомдун АКШ долларына карата курсу 3,6 процентке бекемделген.

10-график:
2001-2002-жылдар ичинде банктар аралык валюта рыногундагы доллардын курсунун өсүш арымдары



11-график:
Сомдун эффективдүү курсунун индекси



Европа валютасынын курсу мурдагыдай эле, дүйнөлүк рынокто сыяктуу эле, ички рынокто дагы инвесторлордун артыкчылык берүүсүнүн өзгөрүүсүнө байланыштуу байкаларлык олку-солкулукка дуушар болгон. 2003-жылдын 3-кварталында алмашуу бюролорунда еврону сатуу курсу 2,8 процентке өскөн, ал эми анын учеттук курсу 3,8 процентке көбөйгөн.

Россия менен соода шарттарынын жакшырышы жана аны менен экспорттук операциялардын көлөмүнүн 20 процентке өсүшү сомдун рублге карата курсунун реалдуу мааниде алганда 6 процентке төмөндөшү менен коштолгон. Казакстан менен тышкы соодада экспорттук операциялар айнек жана башка курулуш материалдарын өндүрүүнүн көлөмүнүн өскөндүгүнө байланыштуу көбөйгөн, мында сомдун теңгеге карата реалдуу эки тараптуу курсу 1,5 процентке төмөндөгөн.

Үстүбүздөгү жылдын июль-сентябрь айларында сомдун номиналдык эффективдүү курсу 4,2 процентке бекемделген. Сомдун реалдуу эффективдүү курсу 2,6 процентке төмөндөгөн. Сомдун номиналдуу эффективдүү курсу негизинен, АКШ долларынын курсунун динамикасы менен аныкталган. Реалдуу эффективдүү курс республикадагы жана негизги өнөктөш өлкөлөрдөгү инфляциянын таасири астында түзүлгөн.

3.4. СУРОО-ТАЛАП ЖАНА СУНУШ

Кайсыл болбосун өлкөнүн экономикасы реактивдүүлүк, ылайыкташуу жана активдүүлүк сыяктуу параметрлер менен мүнөздөөгө мүмкүн болуучу татаал система экендигин билдирет. Реактивдүүлүк экономика таасирлерге канчалык тез жана кандай ченемде жооп бере ала тургандыгын көрсөтөт. Башка сөз менен айтканда, реактивдүүлүк - таасирлерге (шок) дуушар болуунун ченеми. Экономиканын масштабы жана анын резервдери канчалык чакан болсо, ага карата таасирлердин эпкини да олуттуу болот. Ошондуктан, экономиканын реактивдүүлүгүн чектөө оң, бирок буга дээрлик ачык чакан экономика үчүн жетишүү өтө эле проблемалуу.

Ылайыкташуу экономиканын таасирлерге карата ылайыкташып кетүү жөндөмдүүлүгүн мүнөздөйт. Бир кыйла жогорку ылайыкташуу таасирлердин кесепеттерин нейтралдаштыруу үчүн тийиштүү болгон мөөнөттөрдү кыскартууга жана алардын тереңдешин төмөндөтүүгө мүмкүндүк берет. Мындай касиет процесстерди бир канча тездетүүчү жана алардын аракетин күчөтүүчү глобализациянын шарттарында орчундуу мүнөзгө ээ болот. Өткөөл мезгилдин экономикасына ылайыкташуунун жогорку деңгээли таандык боло бербейт, ал өндүрүш факторлорунун ылдамдыгынын, экономиканын структураларынын ийкемдүүлүгүнүн эсебинен камсыз болот.

Эмгек рыногу калыптанууда, окутуу жана кайра окутуу мүмкүнчүлүктөрү чектелүү. Калкты жумуш менен камсыз кылуу структурасы такыр эле өзгөрүүсүз деп айтууга болбойт, бирок анын артыш арымы да анча чоң эмес. Эмгек миграциясы орун алууда жана анын так көлөмү да белгисиз бойдон калууда.

Капитал рыногу дээрлик иштебейт. Ошондуктан, капиталдын эффективдүү эмес өндүрүштөн эффективдүү өндүрүшкө которулушу жокко эсе. Ишканалардын ишине рыноктук баа берүүнүн жоктугу да башка бир себептерден болуп калууда. Өндүрүштү негизинен, айыл чарбасы түзөт. Экспорт - сырьелук мүнөзгө ээ.

Трансформация учурунда өндүрүштүн составы бир аз өзгөрүүлөргө учураган. Экономиканын ылайыкташуусу өнөр жай секторунда өндүрүштүн жана жумуш менен камсыз болуунун кыскарышы багытында болуп өттү, кызмат көрсөтүү жана айыл чарба продукцияларын өндүрүү сектору өнүгүүдө. Кызмат көрсөтүү сектору жогорку деңгээлде "көмүскө" иш түрүндө берилген, чыгаруунун көлөмү боюнча "айылчарба" сектору менен салыштырмалуу.

Активдүүлүк тез өзгөрүп туруучу тышкы чөйрөнүн шартында өнүгүүгө багытталган системанын өзүнүн күч алуусун чагылдырат. Мындай көз караштан алып караганда, бир кыйла олуттуу факторлор болуп структуралык реформалар жана инвестициялык климаттын түзүлүшү көрсөтүлөт. Структуралык реформалардын натыйжасы болуп, экономикада жетиштүү түрдө олуттуу болушу мүмкүн болгон жаңы пропорцияларга эле жетишүү эмес, келечекте тез багыт алууга жана структуралык ыкмаларга мүмкүндүк берүүнү камсыз кыла турган шарттарды түзүү саналат. Жагымдуу инвестициялык климатты түзүү экономиканын ылдамдыгын жана ийкемдүүлүгүн жогорулатуунун бирден бир инструменти болуп саналат. Ички ресурстарды максималдуу пайдалануу жана алардын эффективдүүлүгү приоритеттердин бири болуп саналат.

Чогуу алгандагы суроо-талап менен сунушту алып карай турган болсок, төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот. Экономиканын реактивдүүлүгү, айрыкча трансформациянын башталыш этабында өзгөчө жогору болгон, демек, ылайыкташуу өтө төмөн болгон. Рыноктук экономиканын түзүлүшү бул эки параметрдин тең жагымдуу багыттарга өзгөрүшүнө көмөк болот. Белгиленип кеткендей, экономиканын мүнөздөмөсүнө байланыштуу чектер бар - чакан масштаб, ачык-айкындык, өткөөл учурундагы. Учурда, кырдаал негизги соода өнөктөш өлкөлөрүндө сыяктуудай эле, республикада дагы жетишерлик жагымдуу өнүгүүдө. Бирок, жетиштүү түрдөгү таасирлер пайда болгон учурда экономиканын туруктуулугуна баа берүү татаал. Ал азырынча жогору эмес абалда кала берет го.

Республикадан өндүрүлгөн продукцияларга тышкы суроо-талап структурасы жетишерлик консервативдүү. Экспорттун негизги массасы алтынга, электрэнергиясына, пахтага жана тамекиге туура келет. Товардык экс-

портту кеңейтүү мүмкүндүгү соода тоскоолдуктарын алып салган жана транспорттук инфраструктураны өнүктүрүү шарттарында жүзөгө ашат.

Ички суроо-талап кызмат көрсөтүүлөргө жана тамак-аш азыктарына багыт алууда. Чекене товар жүгүртүү структурасында жүгүртүүнүн жарымынан бир азга гана көбүрөөгү азык-түлүк товарларына туура келет. Сырьелорду (буудай ж.б.) кошо алганда, азык-түлүк товарларынын импортунун көлөмү чекене товар жүгүртүүдөн 15 процентке аз. Өнөр жай тобундагы керектөө товарлары негизги массада сырттан алынып келинет. Сырьелук товарлардын бир кыйла олуттуусу болуп металл, жыгач материалдары, мунайзаттары, буудай жана өсүмдүк майы саналат. Импортту алмаштыруу мүмкүндүгү биринчи кезекте, азык-түлүк тобундагы керектөө товарлары менен байланыштуу.

Ишкердик активдүүлүктүн 2000-жылдан бери байкалып келаткандай күчөшү эмгек ресурстарын толук пайдалануу камсыз кылбайт. Жумушсуздуктун жогорку деңгээли өндүрүш капиталынын тартыштыгы, ички жана тышкы рыноктордогу суроо-талаптын жетишсиздиги менен шартталган. Эмгек акылардын коңшулаш өлкөлөрдө бир кыйла жогору болушу, өзгөчө расмий эмес мүнөздөгү эмгек миграциясына көмөктөш болууда.

2001-жылдан бери республиканын экономикасына таза тике инвестициялардын көп эмес агылып келүүсү, башкача айтканда капиталдын агылып чыгуусун эсепке алуу менен байкалууда. Инфраструктуранын өнүгүшү жана жаңы технологиялар өндүрүштүн өндүрүмдүүлүгүн көбөйтүү үчүн зор өбөлгө.

Ишкердик активдүүлүгүнүн деңгээли мамлекеттик жөнгө салуудан жана керектөөдөн көз каранды. Бюджеттин тартыштыгы экономикалык саясаттын толук баалуу инструменти болбогондугун белгилеп кетүүгө туура келет. Ал, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүү мүмкүнчүлүгү чектелүү бойдон кала бергендиктен, муктаждык мүнөзүнө ээ. Аны менен бирге, рыноктук экономиканын секторун кеңейтүүгө, административдик кирешелерди жана чыгашаларды жакшыртууга, экономикалык циклдын калыптанышына жараша бюджеттин мааниси минималдык керектөөлөрдү камсыздандыруудан ишкердик активдүүлүктү жөнгө салууга карата ык коет.

Мамлекеттик чыгашаларга таасир этүүчү чыгашалардын дагы эки статьясын белгилеп кетүүгө туура келет. Бул - бюджеттин жалпы чыгашаларында чоң эмес орунду ээлөөчү табигый кырсыктардын кесепеттерин жоюу, бирок бул чыгашалар бүдөмүк мүнөзгө ээ, пландаштырылган капиталдык салымдардан каражаттарды өөнөп алууга аргасыз кылууда, ошондой эле олуттуу мүнөзгө ээ болуучу тышкы карыздар боюнча төлөмдөр.

Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн сунушу көбөйүүдө, мында суроо-талаптан көз карандылык уламдан-улам байкаларлык болуп баратат. Алып көрсөк, эт, картошка жана башка продуктуларды өндүрүүгө туруктуу тышкы суроо-талап түрткү болуп жатат. Тамак-аш азыктарына карата суроо-талап республиканын ичинде

туруктуу болуп саналат, курулуш тармагы өнүгө баштады. Кызмат көрсөтүүлөр барган сайын олуттуу маанеге ээ болууда.

3.4.1. ТАЗА ЭКСПОРТ

Алдын ала алынган маалыматтар боюнча, Кыргыз Республикасынын тышкы соода сальдосу 2003-жылдын үчүнчү кварталында 32,2 млн. АКШ доллары өлчөмүндөгү тартыштык менен түзүлгөн, ал өткөн жылдын ушуга окшош мезгилине салыштырмалуу 34,3 процентке көп. Тышкы соода жүгүртүү 26 процентке көбөйгөн, мында КМШ өлкөлөрү менен товар жүгүртүү 34 процентке, ал эми алыскы чет өлкөлөр менен 18,9 процентке көбөйгөн. Алыскы чет өлкөлөр менен товар жүгүртүү алтынды эсепке алуусуз 11,8 процентке кыскарган.

ФОБ баасындагы товарлардын экспорту 25,2 процентке көбөйгөн. КМШ өлкөлөрүндө экспорттун көлөмү 12,4 процентке өскөн, ал эми алыскы чет өлкөлөргө экспорт 33,4 процентке көбөйгөн. Алтынды экспорттоо 2003-жылдын үчүнчү кварталында 29,6 млн. АКШ долларынан 68,1 АКШ долларына чейин, 2,3 эсеге өскөн. 2002-жылдын үчүнчү кварталына салыштырмалуу, дүйнөлүк рынокто алтындын орточо баасы 15,5 процентке өскөн жана сентябрдын акырына карата 1 троя унциясы үчүн 383 АКШ долларын түзгөн. Соода балансынын алтынды эсепке алуусуз, калган статьяларынын экспорту 10,4 процентке кыскарган.

12-график: Соода балансы



Функционалдык структурада керектөө жана аралык товарларынан тышкары, бардык функционалдык топтор боюнча төмөндөө болуп өткөн. Керектөө товарларын алып чыгуу 52,9 процентке көбөйгөн, ал эми аралык товарларынын экспорту эки эседен көбүрөөккө өскөн. Сырьелук товарлардын экспорту 63,3 процентке кыскарган, ал эми инвестициялык товарларды жана электрэнергиясын экспорттоо, тиешелүүлүгүнө жараша 12,6 жана 17,2 процентке төмөндөгөн. Өзбекстан жана Казакстандагы аба ырайынын жаан-чачындуу болушу вегетациялык иштерге керектөөлөр үчүн сууга болгон суроо-талаптын төмөндөшүн шарттаган, бул электрэнергиясынын экспортунун төмөндөшүнө алып келген. Үстүбүздөгү жылдын сентябрь айынын орто ченинде Россияга электрэнергиясын берүү башталган, булар электр энергиясынын экспортунун, анын ичинде баанын төмөндүгү себеби боюнча (1 кВт/с үчүн 0,45 цент) жалпы түшүшүн компенсациялай алган эмес. Сырьелук товарлардын өзгөчө, айыл чарба продукцияларынын экспортунун 2002-жылдын үчүнчү кварталындагы 15 млн. АКШ долларынан отчеттук мезгилдеги 4,9 млн. АКШ долларына чейин кыскаруусу болуп өткөн. Аралык товарларынын олуттуу өсүшү (эки эседен көбүрөөккө) алтындын, күмүштүн, түстүү металлдардын, ошондой эле курулуш материалдарынын көбөйүшү менен шартталган, аларга куйма айнек, цемент жана шифер таандык. Керектөө товарларынын экспортунун көбөйүүсү республикадан тигилүү буюмдарды, спорттук шаймандарды сүттү жана сүт азыктарын,

электр ысыткыч лампаларын алып чыгуунун көлөмүнүн өсүшү менен шартталган.

Географиялык бөлүштүрүүлөрдө алыскы чет өлкөлөрдүн басымдуулук кылуусу улануда, алардын салыштырма салмагы 64,7 процентти түзөт. Экспорттогу эң көп салыштырма салмакты Бириккен Араб Эмираттары ээлеп, алар кыргыз алтынын негизги алуучуларынан болуп саналат. Ошондой эле, товарлардын экспортундагы жогорку салыштырма салмак Кытайга, Канадага жана АКШга туура келе тургандыгын белгилеп кетүүгө болот.

Россия жана Казакстан КМШ өлкөлөрүнүн ичинен негизги экспорттук өнөктөштөрдөн болуп кала берүүдө. Ушундай болсо да, Тажикстанга жана Түркмөнстанга экспорттук берүүлөрдүн кыйла көбөйгөндүгүн белгилеп кетүүгө туура келет. Бул Тажикстанга шиферлерди, электр ысыткыч лампаларын берүүнүн көбөйүшү жана Түркмөнстанга синтетикалык жана жасалма булалардан ийрилген жиптерди экспорттоонун олуттуу өсүшү менен түшүндүрүлөт. Казакстанга экспорт иликтөөгө алынып жаткан мезгилде дагы кыйла өскөн (75,2 процентке), анын себеби болуп коңшу республикага цемент, куйма айнек сыяктуу курулуш материалдарын берүүнүн өсүшү, ошондой эле электрэнергиясын жана сүт азыктарын берүүнүн көбөйүшү саналат.

ФОБ баасындагы товарлардын импорту алдын ала алынган маалыматтар боюнча, 26,7 процентке жогорулаган. КМШ өлкөлөрүнөн импорттун көбөйүшү 42,7 процентти түзгөн, алыскы чет өлкөлөрдөн товарлар өткөн жылдын ушуга окшош мезгилине караганда, 3,3 процентке көп алынып келинген. Импорттун өсүшү сырьелук товарлардан тышкары, функционалдык структуралардын бардык статьялары боюнча болуп өткөн. Бир кыйла жогорку өсүш арымы аралык товарларга жана мунайзаттарына туура келген.

Импорттун кеңейишинин негизги себептери катары төмөнкүлөр каралат:

· керектөө товарларынын импортунун 27,2 процентке көбөйүшү;

· мунайзаттарынын импортунун 36 процентке көбөйүшү.

· курулуш тармагындагы чарба жүргүзүүчү субъектилердин активдешүүсү (курулуштун дүң продукциясы 2002-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу 0,5 процентке жогорулаган). Курулуш материалдарынын, жыгач жана жыгач иштетүүчү өнөржайынын продукцияларынын импорту өткөн жылдын ушуга окшош мезгилине салыштырмалуу 50 процентке өскөн.

Импортту географиялык бөлүштүрүүлөрдө КМШ өлкөлөрүнө 58,1 процент туура келет. Эң көп үлүштү Россия жана Казакстан ээлейт. 2003-жылдын үчүнчү кварталында импорт Россиядан 68,8 процентке, ал эми Казакстандан импорт 58,1 процентке көбөйгөн. Алыскы чет өлкөлөрдүн ичинен товарларды берүүчүлөр болуп мурдагыдай эле, АКШ, Кытай, Германия жана Туркия кала берүүдө.

3.4.2. ИЧКИ СУРОО-ТАЛАП

Республикабыздын соода балансы 2000-2001-жылдарды эске албаганда, терс мааниде чыккан. Бул экономикалык өсүштү камсыз кылуу үчүн Кыргызстандын продукцияларына суроо-талаптын жетишсиз болгондугун билдирет. Албетте, мындай ой-пикирлер кыска мөөнөттүү анализ берүү көз карашынан алып каралгандгын билдирет. Эгерде, импорттун структурасында орчундуу салмак жабдуулар түрүндө берилген инвестициялык товарларга туура келсе, анын пайдаланылышы келечекте экономикалык өсүш менен көрсөтүлөт. Инвестициялар менен акыркы керектөөчүлөрдүн ортосундагы баланс динамикалык мүнөзгө ээ жана чечимдерге көптөгөн факторлор таасир эткендиктен, аны аныктоо кыйла татаал. Инвестициялардын жетишсиз көлөмү экономикалык потенциалдын, атаандаштыкка жөндөмдүүлүктүн жок болушуна алып келет. Артыкча инвестициялар керектөөлөргө доо кетирет жана калктын жашоо деңгээлине терс таасирин тийгизет.

Рыноктук экономикада салыштырмалуу баалар олуттуу мааниге ээ болот, башкача айтканда, бир товардын баасынын башка товарга карата катышы. Эгерде, салыштырмалуу баа жогоруласа, суроо-талап төмөндөйт. Ар кандай товарларга карата баалардын ортосундагы катыш дайыма өзгөрүүдө болуп, керектөө структурасында өзгөрүүлөрдүн болушуна түрткү берет.

Республиканын ичинде керектелүүчү продуктулар ички жана чет өлкө өндүрүшүнүн товарларынан жана кызмат көрсөтүүлөрүнөн туруучу татаал товарлар болуп саналат. Керектөө көлөмү баалар боюнча суроо-талаптын ийкемдүүлүгүн, баалардын катышын жана сапаттарды жана көптөгөн факторлорду эске алуу менен түзүлөт. Импорттун көлөмү канчалык чоң болсо, баалардын ошончолук чоң деңгээли чет өлкө баалырынын деңгээли менен аныкталат жана ички жумуш менен камсыз болуу да төмөн болот. Республикада сырьелук товарлардын, аралык жана акыркы керектөө товарларынын негизги массасы өндүрүлбөйт жана бул алардын импортун шарттайт. Жакынкы перспективларга импортту алмаштыруу мүмкүнчүлүгү алкоголь ичимдиктерин жана тамекилерди кошо алганда, азык-түлүк товарлары менен чектелүүдө. Учурда, алардын салыштырма салмагы азык-түлүк товарларынын чекене товар жүгүртүүлөрүнөн 15 процентten ашпайт. Мындан тышкары, бул товарлардын бир бөлүгүн республикада өндүрүү мүмкүн эмес жана пайдасыз.

Акча сунушунун туруктуу өсүшү товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн тиешелүү өндүрүлүшү менен бекемделүүдө. Кызмат көрсөтүү чөйрөсү, ошону менен катар соода жана курулуш бир кыйла динамикалуу өнүгүүдө.

3.4.2.1. ЖЕКЕ КЕРЕКТӨӨЛӨР

Улуттук статистика комитетинен алдын ала алынган маалыматтар боюнча, калктын акчалай кирешелери 2003-жылдын 9 айы ичинде 2002-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу 5,9 процентке өскөн. Мында, колдо болгон реалдуу кирешелер 4,8 процентке өскөн. Калктын акчалай кирешелери 6,3 процентке көбөйгөн. Чекене товар жүгүртүү 11,7 процентке жогорулаган.

3.4.2.2. МАМЛЕКЕТТИК ЧЫГАШАЛАР

Мамлекеттик бюджеттин кирешелери 2003-жылдын январь -сентябрь айларында өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 13,7 процентке өскөн. Демек, мамлекеттик бюджеттин чыгашалары 8 процентке көбөйгөн. Эмгек акыларды төлөөгө карата чыгашалардын өсүш арымы 6,9 процентти түзүп, жарым жылдагыга салыштырмалуу 4,1 процентттик пунктка жогору. Мамлекеттик ишканаларга субсидиялардын көлөмү 28 процентке азайган. Капиталдык салымдарга жана ремонтко 2002-жылдын тиешелүү мезгилине караганда, каражаттар 6,3 процентке көп жумшалган. Аталган статья боюнча белгилүү деңгээлде чыгашалардын көбөйүшү турак-жайлардын жана өндүрүш объектилеринин кыйрашына алып келген табигый кырсыктардын кесепеттерин жоюу менен байланыштуу.

3.4.2.3 ИНВЕСТИЦИЯЛАР

Улуттук статистика комитетинин ыкчам маалыматтарына ылайык, капиталдык салымдардын көлөмү 2003-жылдын 9 айында 2002-жылдын тиешелүү мезгилиндегиге салыштырганда, салыштырмалуу баада 5,4 процентке өскөн. Капиталдык салымдардын негизги булактарынан болуп ишканалардын, калктын каражаттары жана тышкы ресурстар калууда.

3.4.3. ӨНДҮРҮЛҮП АЛЫНГАН ИЧКИ ДҮҢ ПРОДУКТ

Ички дүң продукт 2003-жылдын 9 айы ичинде 5,1 процентке көбөйгөн. Ички дүң продуктуну өндүрүүдө айыл чарбасынын салымы 0,3 процентти түзөт. Өнөр жайында продукциялар 14 процентке өндүрүлүп, 2002-жылдын тиешелүү мезгилине караганда көп. "Кумтөр" алтын кенин өндүрүүнү эсепке алуусуз, өнөр жай продукцияларын өндүрүү 9,6 процентке өскөн. Өндүрүштүн жанданышы тамак-аш өнөр жайы, электрэнергетикасы менен байланыштуу. Улуттук статистика комитетинин маалыматтары боюнча, республикада 9 ай ичинде чарба жүргүзүүчү 21,3 миң жаңы субъектилер каттодон өткөн. Алардын ичинен 57,7 проценти айыл чарбасында түзүлгөн. Сооданын үлүшү 18,3 процентти түзөт, кызмат көрсөтүүлөргө жана иштеп чыгуу

өнөр жайына тиешелүүлүгүнө жараша, 6,7 жана 4,6 процент туура келет. Жарым жылдагыга салыштырмалуу, иштердин калган түрлөрүнүн үлүшүнүн тиешелүү түрдө көбөйүшү менен айыл чарбасындагы чарба жүргүзүүчү жаңы субъектилердин салыштырма салмагы бир канча төмөндөгөн.

4. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА НЕГИЗГИ ЧЕЧИМДЕРИ

4.1. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫНЫН НЕГИЗГИ ЧЕЧИМДЕРИ

• Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2003-жылдын 30-июлундагы №23/1 "Улуттук банктын 2003-жылдын экинчи жарым жылдыгына карата акча-кредит саясаты жөнүндө" Токтому.

Токтомдо Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акча-кредит саясаты 2003-жылдын экинчи жарым жылдыгында "2003-2005 жылдар ичинде жакырчылыкты кыскартуу боюнча Улуттук стратегия", "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Улуттук банктын 2003-жылга финансы жана социалдык-экономикалык саясаты жөнүндө Биргелешкен билдирүүсү" жана "Улуттук банктын 2003-жылга карата акча-кредит саясатынын негизги Багыттары" тарабынан каралган максаттарды жана милдеттерди жүзөгө ашырууга багыттала тургандыгы көрсөтүлөт.

• Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2003-жылдын 13-августундагы №24/3 Токтому менен "Коммерциялык банктардын жана финансы-кредиттик мекемелердин (Эсептешүү-Сактык Компаниясы, Кыргыз айыл чарба финансы Корпорациясы, Кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча Финансы Компаниясы, микрофинансылык уюмдар) эсепке алуу саясатына карата талаптар жөнүндө" Жобо бекитилген.

• Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2003-жылдын 3-сентябрындагы №27/7 Токтому менен "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" Мыйзамдын долбоору жактырылган.

Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзам актыларына, ошону менен катар "Аудитордук иш жөнүндө" жана "Кыргыз Республикасындагы банктар жана банк иштери жөнүндө" Мыйзамдарына сунуш кылынган өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү бул мыйзамдарга коммерциялык банктардын тышкы аудитине карата коюлуучу талаптардын камтылышынын зарылчылыгы менен байланыштуу. Регламентке ылайык, мыйзамдын долбоору Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кароосуна жөнөтүлгөн.

4.2. АКЧА-КРЕДИТТИК ЖӨНГӨ САЛУУ КОМИТЕТИНИН НЕГИЗГИ ЧЕЧИМДЕРИ

Акча-кредиттик жөнгө салуу боюнча Комитети (мындан ары комитет) акча-кредит чөйрөсүндөгү ыкчам чечимдерди иштеп чыгууну жана кабыл алууну жүзөгө ашырат. Комитет чечимди жумалык негизде кабыл алат жана алар финансы рынокторунда түптөлүп жаткан кырдаалдарга баа берүүнүн натыйжаларына негизденет. Операциялардын көлөмү комитет тарабынан банк системасынын жана салык-бюджет чөйрөсүнүн абалын эске алуу менен ошондой эле, социалдык-экономикалык программалардын жана 2003-жылга карата акча-кредиттик саясаттын негизги багыттарында белгиленген акча-кредит саясатынын максаттуу көрсөткүчтөрүнө жараша аныкталган.

Улуттук банк үчүнчү кварталда банк системасында июль айында жана август айынын биринчи жарымында ликвиддүүлүктүн деңгээлинин төмөндөшүнө байланыштуу, коммерциялык банктарды рефинансылоонун көлөмүн көбөйткөн. Алып көрсөк, "овернайт" кредиттери 1414,5 млн. сом суммасында берилген, бул ушул жылдын экинчи кварталындагыга караганда, 19 процентке жогору. Ушуну менен бирге, Улуттук банк РЕПО шарттарында баалуу кагаздарды сатып алууну жүзөгө ашырган, бул кыска мөөнөттүү операциялардын көлөмү 110,1 млн. сомду түзгөн. Жөнгө салуу МКВларын сатуунун көлөмү 238,8 млн. сомду, ал эми кайтарым сатып алуу 189,9 млн. сомду түзгөн.

Мындан тышкары, Улуттук банк 7930 миң АКШ долларында чет өлкө валюталарын сатып алуу боюнча СВОП операцияларын жүзөгө ашырган, бул экинчи кварталдагы бүтүмдөрдөн олуттуу түрдө артат.

4.3. 2003-ЖЫЛДЫН ҮЧҮНЧҮ КВАРТАЛЫ ИЧИНДЕГИ ИНФЛЯЦИЯЛЫК ПРОЦЕССТЕРДИ ИЛИКТӨӨЛӨР ЖАНА 2003-ЖЫЛДЫН ТӨРТҮНЧҮ КВАРТАЛЫНА БОЛЖОЛДООЛОР

Инфляциялык процесстер структуралык факторлордун, суроо-талап жана сунуштун кыска мөөнөттүү таасирлеринин астында өнүгүүдө. Структуралык факторлор тенденцияларды түптөйт, анда таасирлер узак мөөнөттүү багыттардан четтеп кетүүгө түрткү берет. 2003-жылдын 9 айы ичинде инфляциянын төмөндөө тенденциясы сакталып калган. 2003-жылдын үчүнчү кварталында керектөө бааларынын жалпы деңгээли 2,5 процентке төмөндөгөн, мында, баалардын дина-

микасына негизги салымды азык-түлүк тобундагы товарлар кошкон. Баалардын бир кыйла сезондук төмөндөшү бүтүндөй 9 ай ичинде керектөө баалары-нын индексинин 0,1 процентке төмөндөгөндүгүнүн катталуусуна алып келген.

Структуралык факторлорго чогуу алгандагы суроо-талап жана сунуштун түптөлгөн тенденциялары, экономиканын структурасынын өзгөрүүсү жана башкалар таандык болот. Чогуу алгандагы сунуш ушул жылдын 9 айында, анын 2002-жылда белгиленген төмөндөөсүнөн кийин, калыбына келген. Өткөн жылдардан айырмаланып айыл чарбасынын салымы кыскарган, бул өнөр жайындагы жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү өсүштөр менен компенсацияланган. Айыл чарбасы аба ырайынынын катаал шарттарынан экинчи жылы катарынан жапа чегүүдө.

Глобалдык экономикада чогуу алгандагы сунуш экономиканын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнөн олуттуу түрдө көз каранды, мында аны эки тип айырмалап турат. Бир кыйла жагымдуу формасы болуп сапат боюнча атаандаштыкка жөндөмдүүлүк саналат. Сапаты жагынан артыкчылык кылган товарлар рыноктук орточо баадан жогорку баада сатылышы мүмкүн. Эрежеге ылайык, мындай касиеттер менен рынокто ага тең келе турган атаандашы болбогон, жогорку технологиялуу товарлар мүнөздөлөт. Мындай товарлар республиканын экспортунда дээрлик жокко эсе. Атаандаштыкка жөндөмдүүлүктүн экинчи тиби болуп баа фактору саналат. Товарлар төмөнкү баа астында орточо сапат менен мүнөздөлөт. Сооданын шарттары, биздин республикадан товарлардын агымы дүйнөлүк масштаб боюнча анча маанилүү болбогондуктан, баа коньюнктурасынан өтө көз каранды. Атаандаштыкка жөндөмдүүлүктүн бул тиби кыргызстандык өндүрүүчүлөр үчүн бир кыйла мүнөздүү, бирок төмөнкү баадан пайда табуу соодалык тоскоолдуктардын орун алышы менен чектелип калууда.

Өндүрүштүн деңгээли көпчүлүк учурда, экономикада жумуш менен камсыз болуунун абалы менен аныкталат. Жумуш менен камсыз болуу структурасына анализ берүү өнөр жайында жумушчулардын кыскаргандыгын көрсөтүүдө, ал эми айыл чарбасында болсо алардын санынын өсүшү байкалууда. Калктын экономикалык жактан активдүү эместигинин жогорку деңгээлде болушу да өзүнө көңүл бурдурууда. Бул элет жериндеги аялзаттарынын өндүрүшкө тартылбагандыгы менен да түшүндүрүлөт. Мүмкүн бул дагы статистикада расмий түрдө эсепке алынбай калган эмгек миграциясынын болушун чагылдырат.

Эмгек ресурстарынын көлөмү иштин ар кайсы түрү боюнча эмгек акыларды төлөөнүн деңгээлинин өзгөрүүсү менен байланыштуу. Ал эмгек рыногунун

ийкемдүүлүгүн, товарлар жана эмгек рынокторунун тышкы жана ички коньюнктураларынын өзгөрүүсүн чагылдырат. Республикадагы эмгек акынын деңгээли өндүрүүчүлөргө айрымдар гана пайдалана ала турган белгилүү атаандаштык артыкчылыктарды берет. Алардын катарына тамак - аш, тигилүү буюмдарды, курулуш материалдарын, электр лампаларын жана башкаларды өндүрүүчүлөр кирет. Ал эми тышкы рынокко чыгуу жогорку атаандаштыктан, ар кандай чектөөлөрдүн болушунан улам оңой болбой жатат.

Өндүрүмдүүлүк чоң мааниге ээ. Өндүрүмдүүлүктүн, жумуш менен камсыз болуунун жана эмгек акынын деңгээлдери дагы экономиканын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү көз карашынан алганда, абдан олуттуу. Башка теңдеш шарттарда өндүрүмдүүлүк экономиканын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн аныктоочу чечүүчү фактор болуп саналат.

Республикабыздын өндүрүүчүлөрүнүн продукцияларына тышкы суроо-талап төмөн бойдон калууда. Бирок, тышкы суроо-талаптын абалы баанын жалпы деңгээлине белгилүү таасирин тийгизүүчү айрым товарлар боюнча зор мааниге ээ. Ошону менен катар, картошкага жана этке туруктуу суроо-талап байкалууда. Ички суроо-талап жетишерлик динамикалуу өнүгүүдө. Биринчи кезекте, кызмат көрсөтүүлөргө суроо-талап кулач жаюда. "Көмүскө" экономиканын көлөмүнө ар кандай баа берүүлөр боюнча, анын орчундуу бөлүгү кызмат көрсөтүү чөйрөсүнө таандык, ички дүң продуктунун жарымына жакынын ээлейт.

Республикада баанын деңгээли ички өндүрүүнүн, импорттун жана экспорттун көлөмүнө жараша болот. Өнүгүп келе жаткан өлкөлөр ичиндеги баанын деңгээли өнүккөн өлкөлөргө караганда, бир кыйла төмөн. Бул эффект Баласса - Самуэлсон аттуу эки экономист тарабынан белгилүү. Ушул эффектке ылайык, экспорттун жана импорттун үлүшүнүн көбөйүшү баанын жалпы деңгээлинин көбөйүшүнө көмөк болот. Мында, экспорт киреше алып келүүгө түрткү болот, ал эми импорт кирешенин кыска мөөнөттүү перспективага кыскарышын билдирет.

Импортту алмаштыруу ички жумуш менен камсыз болууну кеңейтет жана баалардын бир кыйла төмөн болушуна көмөк болот. Импортту алмаштыруунун бирден бир инструменти "ички" экспорт болушу да мүмкүн, башкача айтканда, туризм, ал инфраструктуранын өнүгүшүн шарттайт, тамак-аш индустриясы жана башка тиешелүү өндүрүштөр. Бүтүндөй алганда, структуралык факторлор инфляциянын төмөндөшүнө түрткү болду деген корутунду чыгарууга болот.

Кыска мөөнөттүү мезгилде инфляциялык процесстер суроо-талап жана сунуш тараптан болгон таасирлердин эпкинине дуушар болгон. Таасирлер жагымдуу жана терс мүнөздөргө ээ болушу мүмкүн. Сунуш тараптан болуучу типтүү таасир катары аба ырайынын ар кандай шарттарын атап кетүүгө болот, алар айыл чарба продукцияларынын түшүмүнүн орточо түптөлгөн деңгээлге салыштырмалуу өтө мол же начар болушуна түрткү берет. Сунуштун башка таасирлери болуп өндүрүмдүүлүктүн өзгөрүп туруусу саналат. Жүргүзүлүп жаткан реформалардын натыйжасында айыл чарба өндүрүшүнүн өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу буга мисал боло алат.

Ар кандай себептер боюнча баа коньюнктурасынын кескин олку-солкулугу суроо-талап жактан болгон таасирди билдирет. Айрым товарларга баанын төмөндөшү суроо-талаптын көбөйүшүнө алып келет жана тескерисинче, баанын жогорулашы суроо-талаптын кыскарышына алып келет. Товарлардын маанилүүлүгүнө жана суроо-талаптын ийкемдүүлүгүнө жараша, буга окшогон таасирлер ар кандай эффектке ээ. Эгерде, ийкемдүүлүк анча эмес болуп, ошол товарды алмаштыра алуучу товар жок болсо, баалар жогорулайт. Айрым рыноктордо баалардын дестабилдешүүсү баанын деңгээлинин бүтүндөй өзгөрүүсүнө алып келет.

Ошону менен катар, сезондук факторду да эске сала кетүүгө туура келет. Олутуу түрдө, инфляциянын сезондуулугу көбүнчө алдын ала айтуу оңой болбогон, көптөгөн факторлорго көз каранды болгон айыл чарба продукцияларынын өндүрүш абалы менен шартталган. Мисалы, аба ырайы, тышкы рынокко продукцияларды сатып өткөрүү мүмкүндүгү жана башка факторлор түзүлүп жаткан багыттан четтетүүгө түрткү болууга жөндөмдүү.

Эл аралык финансы рыногунда олку-солкулуктун олуттуу ченеми сакталып калууда. Сомдун курсу финансы рыногунун коьюнктурасы тарабынан болгон таасирлерге дагы дуушар болду. Бүтүндөй алганда, сомдун номиналдык курсунун динамикасы төмөнкү инфляциялык күтүүлөрдүн түзүлүшүнө түрткү болот. Сомдун алмашуу курсу бекемделүүдө, ага бир катар факторлор түрткү болууда. Экономикага чет өлкө валюталарынын агылып келүүсү жүрүүдө. Сомдун курсу жана негизги соода өнөктөш - өлкөлөрдүн валюталары АКШ долларынын тышкы жана ички факторлордун натыйжасы катары төмөндөөгө карата тенденцияны демонстрациялоочу курсунун динамикасына жараша болот. Экономикада "улуттук валютага карата ишенимдин артышы" да белгилүү бир деңгээлде орун алат. Сомдун номиналдуу эффективдүү курсун бекемдөө анын реалдуу эффективдүү курсунун күч алышына алып келбейт.

Төртүнчү кварталга карата болжолдоо монетардык факторлор тарабынан басымдын жок болушу шартында түзүлүүдө. Акчага суроо-талап туруктуу бойдон калууда жана акчанын адекваттуу сунушу менен бекемделүүдө. Инфляциялык күтүүлөр төмөнкү деңгээлде сакталып калууда. Инфляциялык тобокелдиктер монетардык эмес факторлор тарабында калууда. Аларга сезондуулук жана салык алуу ставкаларынын өзгөрүүсү таандык болууда. Айыл чарба продукцияларын ири өндүрүүчүлөрдүн кошумча наркынан салык алынуу киргизүү инфляцияга олуттуу деле таасир этпейт. Бул кыймылсыз мүлктөн алына турган салыкка да таандык, ал тиешелүү нормативдик актылардын себеби боюнча азырынча жүзөгө аша элек. Айрым товардык рыноктордо суроо-талап менен сунуштун баланста болбошу негизги тобокелдиктерден болуп саналат. Биринчи кезекте, үстүбүздөгү жылдын жаз мезгилинде республикабыздагы аба ырайынын катаал шарттарына, Украинада жана Молдовада дан эгиндеринин түшүмүнүн начардыгына байланыштуу дан азыктары жана ун рыногунда кооптонууну пайда кылууда. Ушуга байланыштуу, төртүнчү кварталга карата инфляцияны болжолдоо 3,7 процентти түзөт.

Маалымат үчүн: Улуттук статистика комитетинин 22-октябрга карата маалыматы боюнча товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө баалардын өсүшү сентябрдагыга салыштырмалуу 2,3 процентти түзгөн.